КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**"Муниципалдык кызмат жөнүндө"
Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду
киргизүү тууралуу**

2013-жылдын 27-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** "Муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Жарчысы, 2005-ж., № 2, 91-ст.) төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

**1.** Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $15^1$-статья менен толукталсын:

"$15^1$-статья. Терс негиздер боюнча муниципалдык кызматтан бошотулган адамдардын реестри

Терс негиздер боюнча муниципалдык кызматтан бошотулган адамдардын реестри Эмгек кодексинин 83-статьясынын 5-пунктунда, 6-пунктунун "а", "б", "в", "д" пунктчаларында, 7, 9, 10 жана 11-пунктарында каралган негиздер боюнча ээлеген кызматтан бошотулган муниципалдык кызматчылар жөнүндө жеке маалыматтарды камтыйт.

Терс негиздер боюнча муниципалдык кызматтан бошотулган адамдардын реестрин мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүргүзөт.

Терс негиздер боюнча муниципалдык кызматтан бошотулган адамдардын Реестрин түзүүнүн, жүргүзүүнүн, өзгөртүүнүн жана толуктоонун тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитет.

Терс негиздер боюнча муниципалдык кызматтан бошотулган адамдардын Реестри бошогон административдик кызмат орундарды ээлөөгө конкурстук тандоодо колдонулушу мүмкүн. Реестрдин маалыматтары талапкерди ишке алуудан баш тартуу үчүн негиз болуп кызмат кылбайт.".

**2.** 33-статья төмөнкүдөй мазмундагы 4 жана 5-бөлүктөр менен толукталсын:

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

---

# ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении дополнений в Закон Кыргызской Республики «О муниципальной службе»**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 27 июня 2013 года

**Статья 1.** Внести в Закон Кыргызской Республики «О муниципальной службе» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2005 г., № 2, ст. 91) следующие дополнения:

**1.** Закон дополнить статьей 15[1] следующего содержания:

«Статья 15[1]. Реестр лиц, освобожденных с муниципальной службы по отрицательным основаниям

Реестр лиц, освобожденных с муниципальной службы по отрицательным основаниям, содержит персональные сведения о муниципальных служащих, освобожденных от занимаемых должностей по основаниям, предусмотренным пунктом 5, подпунктами «а», «б», «в», «д» пункта 6, пунктами 7, 9, 10 и 11 статьи 83 Трудового кодекса.

Ведение Реестра лиц, освобожденных с муниципальной службы по отрицательным основаниям, осуществляется уполномоченным государственным органом по делам государственной службы.

Порядок формирования, ведения, изменения и дополнения Реестра лиц, освобожденных с муниципальной службы по отрицательным основаниям, устанавливается Правительством Кыргызской Республики.

Реестр лиц, освобожденных с муниципальной службы по отрицательным основаниям, может использоваться при конкурсном отборе на замещение вакантных административных должностей. Данные Реестра не могут служить основанием для отказа в приеме претендента на работу.».

**2.** Статью 33 дополнить частями 4 и 5 следующего содержания:

«При увольнении муниципального служащего по инициативе администрации органа местного самоуправления в связи с дискредитацией звания муниципального

"Муниципалдык кызматчынын наамын булгаганы үчүн муниципалдык кызматчы Эмгек кодексинин 83-статьясынын 5-пунктунда, 6-пунктунун "а", "б", "в", "д" пунктчаларында, 7, 9, 10 жана 11-пунктарында каралган негиздер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын администрациясынын демилгеси боюнча кызматтан бошотулган учурда, аталган органдын администрациясы жети күндүк мөөнөттө тиешелүү маалыматты мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берүүгө милдеттүү.

Муниципалдык кызматчыны ушул статьянын 4-бөлүгүндө каралган негиздер боюнча кызматтан бошотуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечими соттун күчүнө кирген актысы менен жокко чыгарылса, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жети күндүк мөөнөттө мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга бул жөнүндө маалымдоого милдеттүү.".

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**3-берене.** Кыргыз Республикасынын Президентине өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирүү сунушталсын.

**4-берене.** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**

Бишкек ш.
2013-жылдын 24-июлу
№ 157

служащего по основаниям, предусмотренным пунктом 5, подпунктами «а», «б», «в», «д» пункта 6, пунктами 7, 9, 10 и 11 статьи 83 Трудового кодекса, администрация указанного органа обязана в семидневный срок предоставить данные сведения в уполномоченный государственный орган по делам государственной службы.

При отмене вступившим в силу судебным актом решения органа местного самоуправления об увольнении муниципального служащего по указанным в части 4 настоящей статьи основаниям орган местного самоуправления обязан в семидневный срок информировать об этом уполномоченный государственный орган по делам государственной службы.».

**Статья 2.** Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Статья 3.** Рекомендовать Президенту Кыргызской Республики привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

**Статья 4.** Органам местного самоуправления Кыргызской Республики привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АППАРАТЫ
АППАРАТ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№1
КАНЦЕЛЯРИЯ

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

г. Бишкек
24 июля 2013 года
№ 157